| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 3-февралы №1** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнүн 2024-жылына карата жыл ичиндеги аткарылган иштери жөнүндө**

Күмүштак айыл өкмөтү тарабынан 2024-жылдын 12-айына карата жасаган иштери боюнча отчетунун жыйынтыгы жөнүндө материалдарды айылдык кенешинин депутаттары карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кенешинин III сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөт башчысынын 2024-жылдын 12-айынын жыйынтыгына карата жасаган иштери боюнча отчету алымча кошумчасы менен канааттандырарлык деп белгиленсин.
   - Күмүштак муниципалдык ишканасынын 2024-жылга алып барган ишиндеги кемчиликтери эске алынсын.
2. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Күмүштак айылдык кеңешинин II чакырылышындагы депутаттарына калтырылсын.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**ТОКТОМ**

**2025-жылдын 3-февралы №2** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2025-жылга карата иш-планын бекитүү жөнүндө**

Күмүштак айылдык кеңешинин III сессиясы, айылдык кеңештин депутаттарынын иш-планы боюнча маалыматтарды угуп, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айылдык кеңешинин жана туруктуу комиссияларынын 2025-жылга карата иш-пландары тиркемелерге ылайык бекитилсин
(№1, 2, 3, 4, 5, 6 тиркемелер тиркелет).
2. Токтомдун аткарылышынын камсыздоо жагы айылдык кеңештин депутаттарына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Торага** **Б. Акматов**

Тиркеме 1

**Күмүштак айылдык кеңешинин 2025-жылдын 3-февралындагы III сессиясынын №2 токтому менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кеңешинин 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Бул маселе боюнча жоопту депутаттар | Аткарылганы тууралу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Туруктуу комиссиялардын жана Күмүштак айылдык кеңешинин иш планын бекитүү | I квартал | Туруктуу комиссиялар, АК жооптуу катчысы | Төрага, туруктуу комиссиялар | |
| 2. | 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча жана 2025-жылдын 6 айына жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча айыл өкмөт башчысынын отчету | I жана II квартал | АӨ башчысы, АӨ каржы- экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 3. | Мекеме уюмдардын жетекчилеринин жарым жылдык жана 1 жылдык отчетторун угуу | II, IV квартал | Мекеме уюмдардын жетекчилери | Жалпы депутаттар | |
| 4. | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин маалыматын угуу | Квартал сайын | АӨ башчысы | Жалпы депутаттар | |
| 5. | Айыл чарба шаймандарынын, техникаларынын жазгы жана күзгү талаа жумуштарына карата даярдыгын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 6. | Күмүштак муниципалдык ишканасынын айыл чарба сугат суу ирригация багытын жана ичүүсү суу тармагынын иштеши боюнча кароо жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Көчөлөрдүн тазалыгын, көпүрөлөрдүн курулуусун, ички көчөлөргө кум-шагылдары төгүү, түнкү жарыктандыруулардын толугу менен иштеп күйүшүн көзөмөлдөө жөнүндө маселени кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 8. | Айыл чарба мамлекеттик фондусунун жерлерин (АЧЖМФ) жана жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 9. | Катуу тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чогултуп чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 10. | Көрүстөндөрдүн иштешин жана муниципалдык жерлердин иштешин камсыз кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 11. | Жер пайдалануу, архитектура ченемдери жана жер казынасы жөнүндө маселелерин кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 12. | Көчөлөрдүн чек-араларын аныктап, арыктарды, жолдорду жана тосмо заборлорду кызыл сызыктан ашырып, мыйзамсыз ашыкча чыгарып, тосуп алгандарды кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 13. | Айыл аймагындагы талааларда өскөн кара куурай наркотикалык баңгизаттарын, уруктарын чача электе оруп жыйнап жок кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, соц. адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 14. | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана | I; III квартал | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылына карата жүргүзгөн иштери тууралуу комиссиянын төрагасынын маалыматын угуу | | тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 15. | 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу | I квартал | АӨ башчысы,<br>АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 16. | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу | I квартал | АӨ башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 17. | Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө. | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы,<br>АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 18. | Салыктын чогулуусун кароо. | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы,<br>АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 19. | Өнүгүү пландарын жана программаларын (СЭОП, иш чаралар планы) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу | Декабрь | АӨ башчысы,<br>АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссия | |
| 20. | Мектептин кышка карата даярдыгын, ремонт иштеринин жүрүшүн текшерүү. | I; III; IV квартал | АӨ башчысы | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 21. | Ар кандай майрамдык иш-чараларды уюштуруу жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы,<br>соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 22. | №9-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу менен иш алып баруу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы,<br>соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 23. | Мектепте жана балдар бакчаларында шашке тамактын берилишин текшерүү | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 24. | Коомдук тартипти сактоонун абалы | II квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 25. | Калкты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнү камсыз кылуу | II квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 26. | Айылдык кеңештин регламентин сактоо боюнча иш аракеттерди жүргүзүү. Депутаттардын этикасы жөнүндө атайын жыйындарды өткөрүү. Сессияга келбеген депутаттар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | I; II; III; IV квартал | Жалпы депутаттар | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 27. | Айылдык кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет берүү үчүн иш-чаралардын планын жана графигин бекитип берүү | I, II квартал | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 28. | Айылдык кеңештин депутаттарынын, АӨ кызматкерлеринин жана айыл тургундарынын ичинен айыл аймактын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон үчүн ишине баа берип, жылдын аягында аларды сыйлоого сунуштоо | IV квартал | АӨ башчысы, айылдык кеңештин депутаттары | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 29. | Депутаттарга сессия учурунда өзүн өзү алып жүрүү боюнча түшүндүрмө берүү | I; II; III; IV квартал | Жалпы депутаттар | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 30. | Дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмаларын иштешин камсыз кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |
| 31. | Жаштарды, жаш өспүрүмдөрдү сергек жашоого чакыруу, маданий иш чараларга катышууга көмөк көрсөтүү | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 32. | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрдүн, клубдардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, маданият кызматкерлери | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |
| 33. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Туруктуу комиссиялар | |

**Жооптуу катчы** **С.Саткыналиева**

Тиркеме 2

**Күмүштак айылдык кеңешинин 2025-жылдын 3- февралындагы III сессиясынын №2 токтому менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кеңешинин Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Бул маселе боюнча жооптуу туруктуу комиссия | Аткарылганы тууралуу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын бир жылдык иш планын бекитүү | I квартал | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы, АК жооптуу катчысы | Төрага,<br>жалпы депутаттар | |
| 2. | Айыл чарба шаймандарынын, техникаларынын жазгы жана күзгү талаа жумуштарына карата даярдыгын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 3. | Күмүштак муниципалдык ишканасынын айыл чарба сугат суу ирригация багытын жана ичүүсү суу тармагынын иштеши боюнча кароо жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Көчөлөрдүн тазалыгын, көпүрөлөрдүн курулуусун, ички көчөлөргө кум-шагылдары төгүү, түнкү жарыктандырууларын толугу менен иштеп күйүшүн көзөмөлдөө жөнүндө маселени кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 5. | Айыл чарба мамлекеттик фондусунун жерлерин (АЧЖМФ) жана жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 6. | Катуу тиричилик калдыктарын жана таштандыларды чогултуп чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 7. | Көрүстөндөрдүн иштешин жана муниципалдык жерлердин иштешин камсыз кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 8. | Жер пайдалануу, архитектура ченемдери жана жер казынасы жөнүндө маселелерин кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, муниципалдык ишкананын жетекчиси | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 9. | Көчөлөрдүн чек-араларын аныктап, арыктарды, жолдорду жана тосмо заборлорду кызыл сызыктан ашырып, мыйзамсыз ашыкча чыгарып, тосуп алгандарды кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 10. | Айыл аймагындагы талааларда өскөн кара куурай наркотикалык баңгизаттарын, уруктарын чача электе оруп жыйнап жок кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ жер адистери, соц. адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11. | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылына карата жүргүзгөн иштери тууралуу комиссиянын төрагасынын маалыматын угуу | I; III квартал | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 12. | Айыл аймактагы жаш үй-бүлөлөрдү жер тилке менен камсыздоо жагын айыл өкмөтүнө же тиешелүү жогорку органдарга сунуштоо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы,<br>АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 13. | Боо-Терек айылындагы АЧМФ жерлери бар болсо Кыргызстан, 1-Май жана Жон-Коргон айылдарынын дыйкандарына дагы бөлүштүрүп берүү | I; II квартал | АӨ башчысы,<br>АӨ жер адистери | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |
| 14. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясы | |

**Жооптуу катчы:** **С.Саткыналиева**

Тиркеме 3

**Күмүштак айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 3- февралындагы**
**III сессиясынын №2 токтому**
**менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кеңешинин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянын 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Бул маселе боюнча жооптуу туруктуу комиссия | Аткарылганы тууралуу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 2025-жылга бюджетинин долбоорун иштеп чыгуу. | I квартал | АӨ башчысы, АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 2. | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу | I квартал | АӨ башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 3. | 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча жана 2025-жылдын 6 айына жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча айыл өкмөт башчысынын отчету | I жана II квартал | АӨ башчысы, АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 4. | Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө. | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 5. | Салыктын чогултулушун кароо. | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |
| 6. | Өнүгүү пландарын жана программаларын (СЭӨП, иш чаралар планы) эсепке алуу менен 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун иштеп чыгуу | Декабрь | АӨ башчысы, АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| 7. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы.<br>АӨ каржы экономика бөлүмүнүн башчысы | Бюджет боюнча туруктуу комиссия | |

**Жооптуу катчы:** **С.Саткыналиева**

Тиркеме 4

**Күмүштак айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 3- февралындагы**
**III сессиясынын №2 токтому**
**менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кеңешинин Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Аткарылышына жооптуу туруктуу комиссия | Аткарылганы тууралуу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектептин кышка карата даярдыгын, ремонт иштеринин жүрүшүн текшерүү. | I; III; IV квартал | АӨ башчысы | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 2. | Ар кандай майрамдык иш-чараларды уюштуруу жана көзөмөлдөө | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 3. | №9-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу менен иш алып баруу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 4. | Мектепте жана балдар бакчаларында шашке тамактын берилишин текшерүү | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 5. | Коомдук тартипти сактоонун абалы | II квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |
| 6. | Калкты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнү камсыз кылуу | II квартал | АӨ башчысы, соц.адистер | Социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Туруктуу комиссия | |

**Жооптуу катчы:** **С.Саткыналиева**

Тиркеме 5

**Күмүштак айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 3- февралындагы**
**III сессиясынын №2 токтому**
**менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кеңешинин Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Аткарылышына жоопту туруктуу комиссия | Аткарылганы тууралуу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Айылдык кеңештин регламентин сактоо боюнча иш аракеттерди жүргүзүү. Депутаттардын этикасы жөнүндө атайын жыйындарды өткөрүү. Сессияга келбеген депутаттар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | I; II; III; IV квартал | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 2. | Айылдык кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет берүү үчүн иш-чаралардын планын жана графигин бекитип берүү | I, II квартал | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 3. | Айылдык кеңештин депутаттарынын, АӨ кызматкерлеринин жана айыл тургундарынын ичинен айыл аймактын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон үчүн ишине баа берип, жылдын аягында аларды сыйлоого сунуштоо | IV квартал | АӨ башчысы, айылдык кеңештин депутаттары | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |
| 4. | Депутаттарга сессия учурунда өзүн өзү алып жүрүү боюнча түшүндүрмө берүү. | I; II; III; IV квартал | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссия | |

**Жооптуу катчы:** **С.Саткыналиева**

Тиркеме 6

**Күмүштак айылдык кенешинин 2025-жылдын 3- февралындагы III сессиясынын №2 токтому менен бекитилген**

**Күмүштак айылдык кенешинин Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссиянын 2025-жылга карата бир жылдык иш-планы:**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Кароо мөөнөтү | Ким тарабынан аткарылат (АӨ башчысы же кызматкери, мекеме, уюмдун жетекчиси) | Аткарылышына жоопту туруктуу комиссия | Аткарылганы тууралуу белги |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмаларын иштешин камсыз кылуу | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |
| 2. | Жаштарды, жаш өспүрүмдөрдү сергек жашоого чакыруу, маданий иш чараларга катышууга көмөк көрсөтүү | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |
| 3. | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрдүн, клубдардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу, жергиликтүү маанидеги тарыхый-маданий мурастарды коргоо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы, маданият кызматкерлери | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |
| 4. | Жарандардын арыздарын, кайрылууларын кароо | I; II; III; IV квартал | АӨ башчысы | Жаштар, спорт жана маданият боюнча туруктуу комиссия | |

**Жоопту катчы** **С.Саткыналиева**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 3-февралы №3** **Боо-Терек айылы**

**2025-2027-жылдарга карата Күмүштак айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, Күмүштак айылдык кеңешинин III сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-2027-жылдарга карата Күмүштак айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы (СЭӨП) тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркеме тиркелет).
2. Программада камтылган иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Күмүштак айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевге тапшырылсын.
3. Ушул токтом каттоого алынсын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын козомолдоо жагы Күмүштак айыл кеңешинин депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

**Күмүштак айылдык кеңешинин**
**2025-жылдын 3-февралындагы**
**III сессиясынын №3 токтому менен**
**бекитилген**

**Күмүштак айыл аймагынын**
**2025-2027 - жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.**

| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Күмүштак айыл аймагы Талас облусунун батыш тарабындагы Бакай-Ата районунда жайгашкан. Аймак чыгыштан Бакай-Ата айыл аймагы менен, батыштан Ч.Айтматов районунун Кара-Буура айыл аймагы менен чектешет. Айылдык аймактын борбору – Боо-Терек айылы.<br>Облустук борбордон алыстыгы 40 км. Борбордон алыстыгы 350 км.<br>Айыл аймагы 2024 - ж. уюштурулган.<br>Күмүштак айыл аймагы 4 айылдан турат: Боо-Терек, Кыргызстан, 1-Май, Жон-Коргон. |
| Жалпы аянты (Га) | 46681 га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, деңиз деңгээлинен 1200-1400 метр бийиктикте жайгашкан. Климат континенталдык кургак. Айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Жайы кургак, кышы суук. Жаз жана күз мезгилдери жаанчыл. Жайында орточо температура 15-25 $^0$ С, кышында 6-14$^0$ С. Айыл аймагы боюнча тундуктон түштүкко Урмарал жана Күмүштак дарыялары агып, Талас дарыясына куюлат. |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:<br>анын ичинде (айылдарда): | 12560 калк, 6104 аял |
| Боо-Терек айылы (АА борбору) | 6514 |
| Кыргызстан айылы | 3095 |
| 1-Май айылы | 2322 |
| Жон-Коргон айылы | 629 |
| СЭӨПнын максаты | Күмүштак айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) негизги максаты: айыл аймагынын калкынын жашоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде азыркы жана келечек муундардын социалдык-экономикалык, маданий жана экологиялык бакубаттуулугуна умтулуу.<br>Күмүштак ААнын экономикасы негизи айыл жана мал чарбасына, буурчак, помидор жана калемпир өндүрүүгө, заманбап ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто ишкерчилик өнүккөн, жеке ишкерлер соода-сатык жана экологиялык жактан таза айыл чарба продукцияларын өндүргөн, калкка кызмат көрсөтүү жана тиричилик инфраструктурасы жогору болгон айыл аймагына айланат.<br>Бул СЭӨПтө каралган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында социалдык-экономикалык абалы, коммуналдык инфраструктурасы мындан дагы жакшыртылып, калктын бардык катмары үчүн, анын ичинде балдар, жардамга муктаж үй-бүлөлөр, жалгыз бой энелер, кары-картаңдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу жашоонун бардык шарттары менен коопсуз болгон аймак болот. ААнын калкы таза суу, канализация, байланышы менен толук камсыздалып, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоо, тазалык, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Ички жолдор асфальтталып, тротуарлар жана көпүрөлөр калыбына келтирилип, көчөлөр кеңейтилип, түнкү жарыктар орнотулат. |
| | |

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 12311 | 12369 | 12436 | 12560 | 12643 | 12726 | 12809 |
| *Өсүш темпи %* | | 0.47 | 0.54 | *0.99* | 0.66 | 0.66 | 0.66 |
| анын ичинде аялдар | 6022 | 6033 | 6051 | 6104 | 6062 | 6091 | 6094 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 6217 | 6395 | 6592 | 6494 | 6501 | 6511 | 6570 |
| *Өсүш темпи (%)* | | *2.86* | *1.48* | 1.48 | 0.10 | 0.15 | 0.90 |
| анын ичинде аялдар | 3732 | 3801 | 3940 | 3842 | 3945 | 3990 | 4006 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | | | | | | | |
| Айыл чарба | 4095 | 3999 | 4051 | 4055 | 4059 | 4063 | 4067 |
| Өнөр жай | 51 | 62 | 88 | 124 | 150 | 175 | 195 |
| *Иштетүүчү* | *6* | *8* | 16 | 19 | 22 | 26 | 29 |
| *Электр энергиясы* | *13* | 21 | *22* | *26* | 28 | 30 | 32 |
| *Курулуш* | 322 | 426 | 422 | 516 | 520 | 532 | 545 |
| *Соода* | 96 | 114 | 131 | 146 | 153 | 167 | 175 |
| *Транспорт жана байланыш* | 11 | 26 | 39 | 46 | 53 | 60 | 67 |
| *Башка кызматтар* | 25 | 28 | 35 | 39 | 43 | 48 | 51 |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | - | - | - | - | | | |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 81 | 74 | 72 | 66 | 60 | 52 | 44 |
| *Өсүш темпи* | | | | | | | |
| анын ичинде аялдар | 64 | 54 | 41 | 39 | 35 | 28 | 23 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 110 | 110 | 150 | 96 | *85* | *80* | 75 |
| *Өсүш темпи* | | | | | | | |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 350 | 380 | 432 | 459 | 350 | 300 | 250 |
| *Өсүш темпи (%)* | | | | | | | |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Күмүштак айыл аймагы боюнча административдик-аймактык реформадан кийин жалпы калктын саны 12560 адамды түзөт. Болжолдонгон калктын саны калктын табигый өсүшү жана азайышы менен жөнгө салынат (1-диаграмма).




**Эмгекке жарамдуу калктын саны 7606** адамды түзөт. Орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат (2-диаграмма).




2023-жылга салыштырмалуу жумушсуздардын саны 6 адамга азайып 66 адамды түздү. Мунун себеби жыл сайын ар кандай ишкерлик менен алектенген адамдардын санынын кобойүшү. Калкты жумуш менен камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдар жана айыл өкмөтү тарабынан бир нече иш аракеттер көрүлүүдө. Мисалы: 2023-жылы үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулун алуучуларынын арасынан 39 үй-бүлөгө 100000 сомдон социалдык контракттын негизинде ишкерлик менен алектенүүгө акча каражаты бөлүнүп берилди.

**Күмүштак айыл аймагындагы жумушсуздук жана миграция көйгөйлөрү:**

- Айылда чакан жана орто бизнестин жеткиликтүү өнүкпөгөндүгү, өндүрүштүк объектилердин жана ишканалардын жетишсиздиги.
- Жергиликтүү калктын арасында техникалык жана кесиптик билимдин жетишсиздиги.
- чарба негизги киреше булагы болгондуктан, климаттык шарттар жана рыноктун туруксуздугу калктын кирешесине терс таасирин тийгизет.
- Жаштардын жана эмгекке жарамдуу калктын жумуш издеп чет өлкөлөргө кетиши.
- Жашоо шарттары жакшыраак болгон шаарларга жана райондордун борборлоруна көчүү.
- Миграцияга байланыштуу үй-бүлөлүк байланыштардын начарлашы, балдарга жана карыкартаңдарга камкордуктун төмөндөшү.

| | |
|---|---|
| **3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА** | |
| **3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура** | |

| Категория | *факт* | | | *күтүлгөн* | *Прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 50% | 50% | 50% | 50% | 60% | 65% | 70% |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктарын (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 45% | 50% | 55% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 5% | 5% | 5% | 5% | 10% | 15% | 20% |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 40% | 50% | 60% | 90% | 100% | 100% | 100% |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 400 | 400 | 400 | 400 | 450 | 500 | 550 |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 16 | 16 | - | - | - | - | - |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 48% | 48% | 50% | 65% | 70% | 75% | 80% |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 22 | 22 | 21 | 21 | 21 | 21 | 21 |
| Калкты турак-жай менен камсыз кылуу (%) | 60% | 65% | 70% | 75% | 78% | 83% | 85% |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |

Инфраструктура боюнча









**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдоо**

**Таза суу:**
Күмүштак айыл аймагы 4 айылдан турат. Ичүүчү суунун тарифи Күмүштак айылдык кенешинин 2024-жылдын 27-майындагы №5 токтому менен бекитилген. Күмүштак айыл аймагында «Күмүштак» муниципалдык ишканасы ачылган. Муниципалдык ишкана 4 багытта иш алып барат. Аталган муниципалдык ишканада 31 кызматкер иштейт. Боо-Терек, Кыргызстан, Жон-Коргон айылдарындагы ичүүчү суунун башкы суу алма курулмаларын капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча 2 500 447 сомго долбоор жазылып Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна тапшырылган.

**Боо-Терек айылы:**
Боо-Терек айылы боюнча кожолуктардын саны 1114 анын ичинен 230 кожолук ичүүчү суу менен камсыздалган же 20 %түзөт. Борбордук көчөдө гана таза суу түтүктөрү жайгашып. калган 23 көчөнүн тургундары сууну өздөрү казып алган бышма кудуктардан ичишет. Башкы суу алма курулмасында суунун көлөмү айылды толук камсыздоого жетиштүү жана суу өз агымы менен келет.
Болжол менен 2000-жылдарда таза суу системасы реконструкцияланган, ошол учурда асбест трубалардын ичинен диаметри кичине пластик трубалар коюлган. Трубалардын диаметри кичине болгондуктан толук көлөмдө суу батпай жатат.

**Кыргызстан айылы**
Кыргызстан айылы боюнча кожолуктардын саны 600 анын ичинен 300 кожолук ичүүчү суу менен камсыздалган же 50 %түзөт. Ичүүчү суу түтүктөрү айылдын бардык көчөлөрүндө бар, бирок эскилиги жеткен. Башкы суу алма курулмасында суунун көлөмү айылды толук камсыздоого жетиштүү. Скважинадан насос менен сордурулуп алынат.

**1-Май айылы**
1-МАй айылы боюнча кожолуктардын саны 370 анын ичинен 200 кожолук ичүүчү суу менен камсыздалган же 60 %түзөт. Ичүүчү суу түтүктөрү айылдын бардык көчөлөрүндө бар, бирок эскилиги жеткен. Башкы суу алма курулмасы Кыргызстан айылында жайгашкан. Башкы суу алма курулмасында суунун көлөмү айылды толук камсыздоого жетиштүү. Скважинадан насос менен сордурулуп алынат.

**Жон-Коргон айылы**
Жон-Коргон айылы боюнча кожолуктардын саны 99 анын ичинен 50 кожолук ичүүчү суу менен камсыздалган же 50 %түзөт. Ичүүчү суу түтүктөрү айылдын борбордук көчөлөрүндө бар, бирок эскилиги

жеткен. Башкы суу алма курулмасында суунун көлөмү айылды толук камсыздоого жетиштүү. Скважинадан насос менен сордурулуп алынат.

**Көйгөйлөр:**

- Башкы суу алма курулмасында 2 резервуар эски дат басып чирип калган;
- Хлордоочу аппараттар, бактерициддик лампалар жараксыз;
- Суу соруучу насостор жыл сайын күйүп кетет, электр энергиясына көп чыгым кетет;
- Суунун туздуулугу нормадан ашык, ошондой эле бактериялар чыгып жатат.
- Системадагы трубалардын эскилигине байланыштуу тез-тез жарылып кетет.

**Катуу тиричилик калдыктарды чыгаруу:**

Күмүштак айыл аймагы 4 айылдан турат. Жалпы кожолуктардын саны 2183. Катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу кызматы менен камсыздоо бүгүнкү күндө 100%га камтылган. Айылдарда калдыктарды чыгаруу 1 айда бир жолу жүргүзүлөт. Катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн тариф Күмүштак айылдык кенешинин 2024-жылдын 27-майындагы №5 токтому менен бекитилген.

**Бул багытта төмөнкү  көйгөйлөр орун алууда:**

- Таштандыларды чогултуу үчүн атайын техникалардын эскилиги;
- Таштандыларды сорттоочу же кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Кээ бир тургундардын калдыктарды чыгаруу төлөмдөрүн төкпөгөндүгү;
- Муниципалдык ишкананын бюджетинин жетишсиздиги;
- Таштанды таштоочу жайлардын талапка жооп бербегендиги;
- Тарифтин төмөндүгү;
- Эски таштанды таштоочу жайлардын рекультивация болбогондугу;
- Таштанды таштоочу жайларда видеокөзөмөлдөөчү камералардын жоктугу.

**Ички жолдордун абалы:** Айыл аймактын ички жолдорунун узундугу жалпы 32,92 км түзөт. 2024-жылы ААдагы асфальтталган жолдордун үлүшү 5% түзөт. ААнын жол тармагы төмөнкүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

ААгы ички жолдорду асфальттоого жергиликтүү бюджеттин каражаттары жетишсиз;

Айылдардын ичиндеги чоң жолдордун боюнда жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуарлардын жоктугу же талкаланып калгандыгы;

Кээ бир үй чарбаларында үй, тосмо же дубал тротуарларды жаап, кызыл сызыкка чейин кирип кеткендиги;

Кум-шагыл жолдорго регулярдуу шагыл төгүлбөй, профилировка жүргүзүлбөй келиши;

Жайыт жолдорунун акыбалы начар, себеби бюджеттин жетишсиздиги;

Техникалардын жетишсиздиги.

Коомдук жайларды көчөлөрдү жарыктандыруу менен камтуу 2024-жылы 40% түзөт. Жаңы конуштарда гана бул маселе чечиле элек. Келерки жылдарда бул көрсөткүчтү 100% чейин жеткирүү пландалууда.

**Спорт:**

- Күмүштак айыл аймагында спорт аянтчаларынын жетишсиздиги байкалууда. Айрым айылдарда кичи футбол, волейбол же башка оюндар үчүн аянтчалар жок же эскилиги жеткен.
- Спорт залдарынын саны аз, бар болгон залдар кыш мезгилинде колдонууга ыңгайсыз.
- Жаштар арасында спортко кызыгуу бар, бирок атайын машыгуучу жайлардын жана сапаттуу жабдуулардын жетишсиздиги алардын активдүүлүгүн чектеп жатат.
- Орто жана улуу муундагы адамдар, өзгөчө аялдар жана кыз-келиндер спорттук иш-чараларга дээрлик катышпайт.
